КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (сегизинчи чакырылышы) кезексиз IX сессиясы**

**Токтом №01-5/ 56**

Сүлүктү шаары 28.11. 2025ж.

**Сүлүктү шаардык кеңешинин 21.11.2022ж №72 "Сүлүктү шаардык дарт аныктоо бөлүмүнүн (Поликлиника ГСВ №1, №2) имаратын курууга макулдук берүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Шаардык мэриянын 24.11.2025ж. №01-7/3718 сандагы Сүлүктү шаардык кеңешинин (жетинчи чакырылыш) XX сессиясынын 21.11.2022ж. №72 Сүлүктү шаардык дарт аныктоо бөлүмүнүн (Поликлиника ГСВ №1, №2) имаратын курууга макулдук берүү жөнүндө токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндөгү каты боюнча Сүлүктү шаардык кеңешинин муниципалдык менчик курулуш жана архитектура боюнча туруктуу комиссиясынын сунушун угуп жана талкуулап "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү" Мыйзамынын жана "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жүндө" Мыйзамынын 17-беренесинин негизинде Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сүлүктү шаардык кеңешинин (жетинчи чакырылыш) XX сессиясынын 21.11.2022ж. №72 токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилип жаңы редакцияда кабыл алынсын.
2. Сүлүктү шаарынын Раззаков көчөсүндө жайгашкан борбордук китепкананын имаратынын ордуна бир бөлүгүнө Сүлүктү шаардык дарт аныктоо бөлүмүнүн (Поликлиника ГСВ №1, №2) жаңы имаратын курууга макулдук берилсин.
3. Сүлүктү шаарынын Раззаков көчөсүндө жайгашкан борбордук китепкананын имаратынын ордуна бир бөлүгүнө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу макмлекеттик салык кызматынын Сүлүктү шаары боюнча башкармалыгынын жаңы имаратын курууга макулдук берилсин.
4. Аталган имараттарды курууга тиешелүү жер аянтын 2 бөлүккө бөлүү иштерин мыйзам ченеминде жүргүзүү жагы шаардын мэри Б.Ш. Абдыжапаровго милдеттендирилсин
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин "Муниципалдык менчик курулуш жана архитектура" боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага: Б.Абдуназаров